
С кырг.
Ж 64

Суранчы ЖЕТИМИШОВ

# Айга неге учушат?


(Жомок)



Ош – 2009

Скорг.
Ж 64

Суранчы ЖЕТИМИШОВ



# Айга неге учушат?

(Жомок)


Ош – 2009

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 472327
ИНФОРМАЦИОННО-КРАЕВЕДЧЕСКИЙ ОТДЕЛ

Суранчы Жетимишов, «Айга неге учушат?» Жомок
Ош шары. 2009. 16 бет.


Жомок балдардын көркөм ой жүгүртүүсүнө негиз болуу менен көрө албастык, бой көтөргөн, ичи тардык мүнөздү ачык чагылдырып, мээнеткеч, эмгекчил болууга чакырат.

Жер, асман алкагындагы планеталардын бири-бирине эриш-аркак болуп, жаратылыш, жан-жаныбарлардын жашоосунда чоң мааниге ээ экендигин кооз сүрөттөр менен баяндап берет.



Байыркы-байыркы өткөн замандарда, азыркы биз жашаган доор башталаар алдында Жер эненин эки баласы болот. Бирисине Күн, экинчисине Ай-деген жакшынакай ысым тартуулайт. Жер эне аларга ар дайым:


-Жаратылыш, жан-жаныбарларга, эң негизгиси адамзатына акниетиңер, ак пейилиңер менен кызмат кылгыла! Күндөлүк жасоочу ишиңерди сүйгүлө! Сүйгөн ишти аткаруу абдан көңүлдүү болот,-деп насаат айтат.



Жер эненин сөзүн балдары Күн менен Ай өзгөчө так аткарышчу.

Күн эрте менен чыгып, керээлден кечке жан аябастан таптуу нурун чачып, жаратылыш тынымсыз кызмат кылат. Андан соң кечинде ай чыгып, таңды таң, атканча, шооласын жаркыратып өз милдетин абийирдүүлүк менен так аткарат.

Ошентип Күн менен Ай ааламга жарык берип, жер бетинде жашоо -тиричиликтин өтүшүнө чын дилдери менен кызмат кылышат. Мээнеткеч бир тууu-





гандардын Жер эненин айткандарын ак пейилдери менен аткарып жаткандарына жартылыштагы жан-жаныбарлар, адамзат баары ыраазы болушат. Ынтымактуу экөөнү чын дилдери менен алкашып Күнсулуу менен Айсулуу деп, ат коюшат.



Ак пейил, мээнеткеч балдарынын эмгегине сыймыктанган Жер эненин жүзү албырып, күндөн-күнгө көркүнө чыга жашарат. Жылдын төрт мезгили бири-бирине алмашып, убакыт өтө берет. Ак кар жамынган кыштан соң, баар келип, жердин бети жашыл майса жамынат. Түмөн -түркүн чөптөр гүлдөп, бак-дарактар бүрдөйт. Сансыз канаттуу куштар, сулуулукка суктанышып, шаттанышып тилдери чыга, ар түрдүү аваз менен обон созо ырдашып, сайрашат. Курт-кумурскалардан баштап, жан-жаныбарлар жанданышып, түйшүк тарта ишке киришишсе, адамзаты кериле кетмен чаап, эртеңкиге кам көрө, жер айдап, үрөн себишет. Жаңы аймактарды өздөштүрүшүп, бак-дарактарга, чыккан эгиндерге суу жетелешип, маңдай терлерин төгүшүп, тынбай эмгектенишчү. Айбанаттар төлдөрүн телчиктиришип,



тукум улоонун аракеттеринде болушат. Андан соң, жай мезгилинде, жаратылыш ажайып көркке бөлөнүп, соккон желге гүлдөр ыргалып, шаркыраган суулар агып, жердин бети не бир укмуш болуп кулпурат. Андан соң күз берекесин чачып, мөмө-жемиш бышып, төгүлүп, бардык жайда токчулук, барчылыкка дасторкон толот.

Жакшылыктардын баарына ыраазы боло сыймыктанган Жер эненин көркүнө көрк кошулуп, берекеси да, мээри да артып, ого бетер өзүн өзгөчө бактылуу сезет.


Күнсулуу өзүнө окшоп, таң эртеңден баштап жаратылыш жан-жаныбарлардын, адамзатынын тын-





бай түйшүктөнө, эмгектенгенин байкап, кубана мээримин чачат.


Андан соң, жаркыраган ай чыгат. Анын нуруна бөлөнгөн жаратылыш, жан-жаныбар, адамзаты да тыныгып, эс алышат. Ошол кезде ааламды жымжырттык ээлеп анда-санда гана желдин жүргөнү, суунун шаркыраган үнү угулбаса, дүйнөнүн баары тынч уйкуда, мемиреп, бейкут гөөшүлүшөт. Аларды көрүп ай кубана, жаркырап нурун төгөт.




Мезгил алмашып, кайрадан кыш жакындаган сайын жаратылыш, жан-жаныбарлар, адамзаты тынчсызданышып:

-Күн узагыраак болсо экен? Күндүн барында, түшүмдү жыйнап алалы дешип, жан аракетке түшүшүп, улам шашылыша,кабатырланышат.

Мындай сөз, менменсинген Айсулууга жакпайт Себеби, баары эле күн деп, өзүн эч кимиси эстебей жатышы, аны намыстантат.



Ай канчалык күндөй болуп нурун чачыратып төгөйүн дейт, анын жарык чачууга болгон аракетин, эч ким этибар албаганына капаланат. Ай канчалык жанды үрөп жаркыраса да:



-Он ай бириксе да, бир күнгө татыбайт – деп, адамдар айтышканын Айсулуу угуп, андан бетер ичи ачыша, капа болот.

Өзүнүн наразылыгын бир тууганы Күнсулууга барып, айтмакчы болот да, Күндүн артынан кубалап жөнөйт. Күн аны билбей дайыма үйрөнгөн адатындай, кызматын кылып жүрө берет.

Убакыт өткөн сайын күүлөнгөн айдын арымы узарып, күнгө тез жетүү аракети менен анын алдын торой баштайт. Тынбай шашкан айга, күн жылмая жол берип, Жер энеден алыстап барып, ааламга нурун чача берет. Бирок, Ай ага болбой, жакындап келип, жанашат. Ошол кезде күндүн бети караңгылап көрүнбөй калат. Аны байкагандар:



-Ай менен Күн тогошту, - дешет.

Жаратылыш, жан-жаныбардын, адамзатынын көңүлү өзүнө бурулганына шерденген Ай Күнгө:




-Күнсулуу, ааламга мен гана кызмат кылып жатам – деп, мактана бербе. Сен сулуу болсоң, менин да сулуулугум сендей эле. Менин да, башкаларга сендей эле пайдам тиет,- дейт.

Мындай ойду түк ойлобогон Күн кашкая күлүп, тим болот. Бирок, бир тууганына таң калат. Күндүн жооп бербегенине, Айдын андан бетер ачуусу күчөйт.

-Күнсулуу, Күнсулуу десе эле кекирейбе! Мен деле эмгектенип келе жатам. Көп эле, бой көтөргөндү кой, сиңдим дейт- Айсулуу.

-Ал эмне дегениң Айсулуу? Сенин сулуулугуңа баары суктанары чын. Мээнеткеч экениң да ырас. Мен кантип бой көтөрөйүн?



-Бой көтөргөнүң жалганбы? Качан болсун кекирейип, менден жол талашып, бир орунда туруп аларыңды билбей калат дейсиңби?

- Сенин шашканыңды байкагам. Жол берейин десем, убакыт жетпейт экен. Жайды жайлата жан-жаныбар, адамзаты эмгек кылып, эми түшүмдөрүн жыйнап аларда, менин узаак болушумду каалап жатышпайбы?

-Мына, өзүң деле билет турбайсыңбы? Мен канчалык жанымды үрөсөм да, «Ай Күнгө теңеле алмак беле, Күн кетпей, бир аз турса болмок?» - дешет.

- Анткеним, сага жардам эмеспи? Түйшүгүң азаят.




Түшүнсөң, эжеке, - дейт Күн.

- Түшүнгүм да келбейт. Сен, мени аларга жаман көрсөтүп жатпайсыңбы.

- Ал эмне дегениң? Кантип эле?

- «Күн турганда, айга эмне жок. Он ай бир күнгө тең келбейт» - дешип, адамдар көз көрүнө мени кеп кылып жатышпайбы.

- Ха-ха-ха. Айсулуу, мынтип айтканың туура эмес. Сендей мээнеткеч, асыл заадага мындай сөздөрдү айтуу жарашпайт. Түшүнсөң боло! Жаратылыш, жан-жаныбар, адамзаты жайды жайлай тарткан мээнетине убакыт жетпей күйүп жатышпайбы.



- Мээнеттерине күйгөнү кандай?

- Ха-ха-ха. Ачууга алдырбай, ойлонсоң. Алар кышкыга азык-түлүк камдашпайбы?-деп Күн аябай күлөт.

- Шылдыңыңды токтот! Хи-хилеп, дагы күлүп коет. Сенин айтканыңдай эле боло береби?

- Кой, антип айтпа, алтыным! Калпыстык

кетирсем, кечирип кой?

- Кечирбейм! Сен, ичи тар, өзүмчүлсүң!

- Ха-ха-ха, хи-хи-хи. Сен, тамашалап жаткан окшойсуң?

- Ха-халап, хи-хилеп күлгөнүң кандай? Тамашасы жок. Уялыштын ордуна, кайра күлөсүң?

- Кой, Айсулуу? Мага чындап эле, капа болдуңбу? Айыбым болсо мойнума алайын?

- Сага теңелүүгө алым жетет. Мен, менмин дебей жүргүн!

- Ал эмне дегениң, Айсулуу? Эч убакта менменсинбеймин. Кайра сенин сулуулугуңа суктанып, сыймыктанып жүрөмүн.

- Менин сулуулугума ичиң тарыйт. Көрө албайсың!



- Жок, Антпегин Айсулуу! Ким кең пейил болуп, эмгекти сүйсө, ал сулуу.

- Сен өзүңдү кең пейилмин деп ойлойсуңбу?

- Ооба. Мен бардыгына тегиз болоюн деймин.



- А, менчи?

- Сен дагы, баарына тегизсиң Айсулуу. Энебиз бизди «Акылдуу, чынчыл, эмгекчил болгула!» - дебеди беле?

Эки бир туугандын айтышканын көрүп, байкап турушкан асмандагы жылдыздар, бир чети таң калышса, экинчиси жымың-жымың этише, шаракташа күлүшүп жатышты.

Күндүн айтканына жооп таба албаган Ай, жанаша турган Күндүн бетине атырылды.

- Ай!-деп, Күнсулуу чочуп кетип, бетин жаба салды эле, аалам караңгылай түштү.

Аны байкаган жаратылыштагы жан-жаныбарлар, адамзаты чуркурап жиберишти.

Эки баласынын чырына кулак төшөп турган Жер эне да чочуп кетип, заматта ортого түшө койду эле, андан улам айдын бети көрүнбөй калды.

Күнсулуу бир тууганынын ачууга алдырган кылыгына уялып Жер эненин алдында кыпкызыл болуп кызарып кетти.

Айсулуу ачуусу келип:

- Карап тур, Күнсулуу! Мен сага теңеле албасам, атымды башка коем -деп, түнөрдү.

- Эсиңди жый, Айсулуу! Ачуу душман, акыл дос! – деп Күнсулуу ага эскертти.

- Бетиңди кызартып, акылдуусунба мага -деген боюнча Ай, оңор эмес жайга качып жөнөйт.



Бир тууганынын кылыгына Күнсулуу аябай таң калат. Түшүнбөстүктөн келип чыккан кызганчаактык экенин ойлоп башын чайкайт. Карап тургандардын маңдайында бир тууганы экөөнүн уят болгонун ойлоп, ызаалана өксүп ыйлайт. Булут ага боору ооруп, жакын барып жүзүн аарчыйт. Күнсулуунун көз жашы жамгыр болуп төгүлөт. Аны көргөндөр:

- «Күн ыйлады. Жамгыр күндүн көз жашы. Күн жаады. Күн жаады» дешет.

А, жааган жамгыр Жер эненин бетиндеги жаратылыш, жан-жаныбарларга азык болуп, кургакчылыктан сактайт.


Айсулуу болсо катуу намыстанып, жанаша жашаган жылдыздарга карай жөнөйт. Аларга жакын барып:

- Жылуулугуңардан берип тургула? - деп, жылдыздардан суранат.





Ай жылдыздарга жеткенге чейин бир топ убакыт өтүп, жер бетине шооласы жетпей калат. Өз милдетин өтөш үчүн, кайрадан аркасына шашат. Ошондон улам «Айдын он беши караңгы, он беши жарык» деп айтылып калыптыр.




Ал эми күн болсо - «Ааламдагылар экөөбүз жөнүндө эмне дешет экен?» -деп уятынан кызарып чыгып, кечке түйшүктөнүп, кечинде кайра ай чыгаарда, кызарып батат экен.

Таарынышкан эки бир тууганды элдештирүү максаты менен адамзаты айга жетүүгө тынбай

аракеттенип, космостук корабльдерди учуруп жатканын баарыбыз жакшы билебиз.

Адамзатынан өкүлдөр барып, айды изилдеген окумуштуулар айдын жарыгы да, күндөн кем калбаган жылуулук берүүсүн камсыз кылыш үчүн тынбай иштеп жатышат.

Буйруса, ал максаттарды турмушка ашыруу келечектин акылман балдарына таандык. Андыктан, ойлобой эле тыянак чыгаруу, ичи тардык, өзүмчүлдүк кызганчаактык зыян экенин эстен чыгарбагыла, балдар!



Редактору: *З.Пасаңова*
Техн. редактору: *М.Маматалиев*
Корректору: *М.Маланова*
Сүрөтчүсү: *Ч.Жээнбеков, О.Сакиев*
Компьютердик калыпка салган: *Н.Кыбыраев*

**Терүүгө 13.02.2009 берилди. Басууга 12.03.2009 кол коюлду.**
**Көлөмү 1 басма табак. Нускасы 1000.**
**Ош ш., Курманжан Датка-287. ЖЧК «Кагаз ресурстары» басмаканасы.**

3с

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №...472327...

ИНФО... КРАЕВ...